А.Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр социологиялык борбору

# “КЕСИПТИК ИДЕНТТҮҮЛҮК”

## Ж. Баласагын атындагы КУУдагы кесипке багыттоо иштери жөнүндө

## Бюллетень №3

**Ж. Баласагын атындагы**
**Кыргыз улуттук университети**

**А. Табалдиев атындагы социомаданий изилдөөлөр**
**социологиялык борбору**

# "Кесиптик иденттүүлүк"

**Ж. Баласагын атындагы**
**КУУдагы кесипке багыттоо иштери жөнүндө**

**Бюллетень №3**

**Бишкек - 2024**

## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| **Киришүү** | **3** |
| **Изилдөөнүн методикасы** | **5** |
| **Демографиялык маалыматтар** | **7** |
| **Жогорку билим берүү уюмунун маркетинги** | **10** |
| **Информациялык ресурс** | **18** |
| **Кесип тандоо процесси** | **21** |
| **Кесип тандоого таасир эткен негизги факторлор** | **28** |
| **Кесиптик иденттүүлүк** | **31** |
| **Окууга болгон мотивация-стимулдар** | **53** |
| **Корутунду** | **59** |
| **Тиркеме 1 Анкета** | **63** |
| **Тиркеме 2 Изилдөөнүн жыйынтыктары** | **78** |

# Киришүү

Кыргызстан 7 037,6 туруктуу калк жашаган суверендүү мамлекет. Калктын 34,9%ы шаарда, 65,1%ы айылда жашайт. Алардын 49,5%ын эркектер, 50,5%ын аялдар түзөт[1].

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2022-жылга карата маалыматтына ылайык, 2022/2023-окуу жылында 2 364 жалпы орто билим берүү *(алардын ичинен күндүзгү мамлекеттик - 2 164, менчик – 186, мамлекеттик кечки (кезметтик) – 14)* уюму иштеген. 2022-жылы жалпы орто билим берүүнүн күндүзгү уюмдарында 9-классты бүтүргөн 107,0 *миң (күндүзгү - 106,2 миң, анын ичинде: мамлекеттик - 103,2 миң, менчик – 3,0 миң, мамлекеттик кечки мектептерден – 0,8 миң)* окуучу, ал эми 11-классты бүтүргөн - 64,1 миң *(күндүзгү - 58,8 миң, анын ичинде: мамлекеттик - 57,2 миң, менчик – 1,6 миң, мамлекеттик кечки мектептерден – 5,3 миң)* окуучу бүтүргөн.

Орто билим берүү уюмун бүтүргөн жаштар албетте кесиптик билим алуу траекториясына кирет. "Билим берүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү кесиптик билим берүү программаларын, ошондой эле кесиптик орто жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруу максатында түзүлгөн окуу-илимий уюму болуп эсептелет.

Жогорку окуу жайы (мындан ары - жож) юридикалык тараптын беделине (статусуна), өзүнчө балансы жана өзүнүн аталышы бар мөөргө ээ болгон билим берүүчү уюм болуп эсептелет[2].

Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарына юридикалык жак статусуна ээ болгон жана жогорку кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюмдар кирет. Аларга университеттер, академиялар, консерваториялар, институттар жана колледждер кирет. Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын филиалдары, факультеттери, кафедралары, кичи бөлүмдөрү, илимий-изилдөө лабораториялары, аспирантура, докторантура жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү болушу мүмкүн[3].

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2022-жылга карата маалыматтына ылайык, жогорку кесиптик билим берүү

[1] 2023-жылга карата Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

[2] Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлиги, Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө жобо

[3] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

боюнча 43 мамлекеттик, 18 жеке, жалпы 61 уюму бар. Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарындагы окуучулардын саны 227 582 түзөт. Мамлекеттик уюмдарда 195,5 миң, жеке уюмдарда 32,1 миң, жалпы 227,6 миң студент (алардын ичинде кыздар - 118,2 миң/52% кыздар, 109,4 миң/48% балдар) окуйт. 2022/2023-окуу жылында жогорку кесиптик билим берүү уюмуна 38,8 миң (мамлекеттик анын ичинен: күндүзгү - 25,6 миң, кечки – 0,4 миң, сырттан – 5,4 миң, дистанттык – 5,7 миң), ал эми менчик уюмдарга 4,7 миң (анын ичинен: күндүзгү – 3,8 миң, кечки – 0,1 миң, сырттан – 0,7 миң, дистанттык – 0,03 миң) студент кабыл алынган.

Кыргызстанда акыркы жылдары коомчулукта, массалык маалымат каражаттарында абдан маанилүү маселе козголуп келет. Орто билим берүү уюмун аяктаган жаштар же башкача айтканда абитуриенттердин басымдуу бөлүгү кесип тандоо процессинде өзүнүн жөндөмүнө туура келбеген кесипти тандап алышат. Бул жагдайга бир канча факторлордун таасири бар, демек алар үй-бүлө, билим берүү уюму, кесиптик билим берүү уюмунун кесипке багыттоо иштеринин уюштурулушу сыяктуу бир канча параметрлер түзөт. Кесиптик билим алган коомдун ар бир мүчөсү ошол коомдун тагдырын белгилөөчү мааниге ээ. Дүйнө жүзүндө жүргүзүлүп жаткан социологиялык изилдөөлөргө ылайык эгерде студенттин кесиптик иденттүүлүгү жогору болсо, башкача айтканда тандаган кесиби менен байланышы жогору болсо, андан эффективдүү студент чыгат, демек эффективдүү кадр/адис болот. Бул жагдайдын экономикалык, социалдык, маданияттык ж.б эффектиси бар экендигин изилдөөлөр тастыктап келет. Кесиптик иденттүүлүгү жогору болгон студент чынында эле мыкты ийгиликтерди жаратат, андан мыкты адис чыгат. Бул жагдай мектеп учурунан башталышы керек. Бүтүрүүчү мындан кийинки жашоо траекториясы кайсы тараптан болорун аныкташы керек.

Туура кесип тандаган студенттин окууга болгон мотивдери, кесибине болгон кызыгуусу дегеле кесиптик иденттүүлүгү жогору болот. Демек жаштардын туура кесип тандап билим алуусу абдан маанилүү, анткени коомду башкаруу, коомдук системанын өзүн түзүү, анын ичиндеги элементтеринин руханий жана интеллектуалдык сапаттарына жараша жөнгө салынат. Ушул себептен жаштарга туура кесипке багыттоо иштерин уюштуруу кесиптик билим берген уюм үчүн, жаштар-коомдун келечеги үчүн абдан маанилүү.

Бул эмгек КУУнун 1-курсунун студенттеринин кесиптик иденттүүлүгүн, кесип тандоодогу приоритеттерин жана ага таасир этүүчү

факторлорду, университеттин кесипке багыттоо иштерин аныктоого жана анализдөөгө багытталган.

## Изилдөөнүн методикасы

Бул изилдөөнүн максаты - КУУнун 1-курсунун студенттеринин кесиптик иденттүүлүгүн, кесип тандоодогу приоритеттерин жана ага таасир этүүчү факторлорду, университеттин кесипке багыттоо иштерин аныктоого жана анализдөөгө багытталган.

Изилдөө жүргүзүү төмөнкү милдеттерди камтыйт:

- Окуу жайдын абитуриенттерге кесипке багыттоодо маалыматтык, маркетингдик иштеринин уюштурулушун баалоо;
- Абитуриенттердин кесип тандоо процессин талдоо;
- 1-курстун студенттеринин окуудагы кесиптик пландарын, приоритеттерин баалоо;
- Студенттердин кесиптик иденттүүлүгүн талдоо;
- Университеттин жетекчилиги жана администрациясы үчүн студенттердин кесиптик иденттүүлүгү жана кесипке багыттоо иштеринин уюштурулушун жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Бул изилдөөдө онлайн-сурамжылоо аркылуу маалымат чогултулду. Изилдөөнүн объектиси болгон жаштардын абалы боюнча 8 социалдык-сатистикалык суроолор жана окуу жайдын кесипке багыттоо иштерин уюштурулушу, студенттердин кесиптик иденттүүлүгү боюнча логикалык ирээттүүлүкө ылайык 12 суроодон турган анкета түзүлдү.

Изилдөөнүн максаттуу тобу 1-курстагы студенттерге багытталып, тандоонун пландаштырылган көлөмү 1549 респондентти түздү. Сырттан окуган, магистратурада окугандар жана экинчи жогорку билим алып жаткандар изилдөөдө камтылган жок. Кыргыз улуттук университетине 2023/2024-окуу жылында 1-курска жалпысынан 4013 студент кабыл алынган, алардын ичинен кыздар – 2573, балдар – 1427. (Таблица 1).

Таблица 1

| КУУга 2023/2024-окуу жылында 1-курска кабыл алынган студенттердин саны | | | | |
|---|---|---|---|---|
| № | Институт,факультет | Жалпы саны | Кыздардын саны | Балдардын саны |
| а. | Тарых жана чөлкөм таануу институту | 105 | 68 | 37 |
| 2) | Социалдык-гуманитардык илимдер институту | 125 | 110 | 15 |
| 3) | Журналистика жана коммуникация институту | 71 | 56 | 15 |
| 4) | Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту | 150 | 43 | 107 |
| 5) | Кыргыз-кытай институту | 86 | 68 | 18 |
| 6) | И.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту | 178 | 135 | 30 |
| 7) | Экономика жогорку мектеби | 239 | 159 | 80 |
| 8) | А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент инст-у | 159 | 90 | 69 |
| 9) | Юридикалык институту | 710 | 326 | 384 |
| 10) | Математика жана информатика факультети | 114 | 71 | 43 |
| 11) | Физика жана электроника факультети | 55 | 39 | 16 |
| 12) | Химия жана химиялык технологиялар факультети | 64 | 57 | 7 |
| 13) | Биология факультети | 102 | 96 | 6 |
| 14) | География, экология жана туризм факультети | 77 | 57 | 20 |
| 15) | Кыргыз филологиясы факультети | 155 | 144 | 11 |
| 16) | Орус жана славян филологиясы факультети | 82 | 70 | 12 |
| 17) | Чет тилдер факультети | 329 | 293 | 36 |
| 18) | Кыргыз Европа факультети | 176 | 117 | 59 |
| 19) | Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети | 209 | 154 | 55 |
| 20) | Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети | 55 | 37 | 18 |
| 21) | Кесиптик колледж (11 кл базасы) | 471 | 293 | 178 |
| 22) | Юридикалык колледж | 301 | 90 | 211 |
| **Жалпы / всего** | | **4013** | **2573** | **1427** |

Маалыматтарды киргизүү жана анализдөө SPSS (Statistical Package for the Social Sciences) 22, атайын сандык маалыматтарды иштеп чыгуу жана талдоо үчүн статистикалык пакеттик программа аркылуу 95%

ыктымалдуулук жана катасы 5% га чейин жол коюлган маалыматтар топтолуп талданды.

Бул этап бир нече компоненттерден турат:

- Google Forms платформасынан топтолгон маалымат базаларын Microsoft Excel программасына көчүрүү;
- маалыматтарды код менен белгилөө;
- маалыматтарды киргизүү үчүн матрицаны түзүү;
- программа аркылуу атайын жыштык жана кайчы таблицаларды түзүү;
- өзгөрмөлөрдүн ортосундагы байланыштын бар же жок экендигин корреляциялык анализдерди жасоо;
- фактордук анализ аркылуу мааниси жагынан жакын болгон өзгөрмөлөрдү топторго бириктирүү;
- өзгөрмөлөрдүн ортосунда топторго карата айрымалардын бар же жок экендигин T-Test жана ANOVA тести аркылуу талдоо

## Демографиялык маалыматтар

Сурамжылоодо берилген демографиялык суроонун жыйынтыктарын карасак: жынысы боюнча аялдар 76,1%, эркектер 23,9% түзөт. Бул көрсөткүч 2023/2024-окуу жылында кабыл алынган студенттердин көрсөткүчүнө (аялдар 64,33%, эркектер 35,68%) жакын. Респонденттердин эң көбү 17-18 (84,4%) жаштагылар; 21 000-35 000 айлык үй-бүлөлүк кирешеси болгондор; 3-4 бир тууган; эң көп Бишкек шаарынан (25%), мектептин категориясы боюнча айылдык (43,5%); мамлекеттик типтеги (94,1%) жана кыргыз тилдүү мектепти (59,7%) бүтүргөндөр түзөт (Таблица 2).

Таблица 2

| **Жынысы** | **Жыштык** | **%** |
|---|---|---|
| Аял | 1179 | 76,1 |
| Эркек | 370 | 23,9 |
| **Жашы** | | |
| 15-16 | 76 | 4,9 |
| 17-18 | 1308 | 84,4 |
| 19-20 | 137 | 8,8 |
| 21-22 | 10 | 0,6 |
| 23+ | 18 | 1,2 |
| **Үй-бүлөңүздүн айлык кирешеси?** | | |
| -10 000 | 168 | 10,8 |
| 11 000-20 000 | 306 | 19,8 |

| | | |
|---|---|---|
| 21 000-35 000 | 400 | 25,8 |
| 36 000-50 000 | 312 | 20,1 |
| 51 000-100 000 | 247 | 15,9 |
| 100 000-200 000 | 85 | 5,5 |
| 201 000+ | 31 | 2 |
| **Бир туугандардын саны?** | | |
| 1-2 | 329 | 21,2 |
| 2-3 | 306 | 19,8 |
| 3-4 | 413 | 26,7 |
| 4-5 | 337 | 21,8 |
| 6+ | 164 | 10,6 |
| **Сиз Кыргызстандын кайсы аймагынан болосуз?** | | |
| Бишкек шаары | 387 | 25 |
| Ош шаары | 32 | 2,1 |
| Баткен | 87 | 5,6 |
| Жалалабат | 240 | 15,5 |
| Нарын | 208 | 13,4 |
| Ош | 43 | 2,8 |
| Талас | 127 | 8,2 |
| Чүй | 202 | 13 |
| Ысык-Көл | 204 | 13,2 |
| Башка өлкөнүн жараны | 19 | 1,2 |
| **Бүтүргөн мектебиңиздин категориясы** | | |
| Бийик тоолуу аймактагы мектеп | 257 | 16,6 |
| Айылдык мектеп | 674 | 43,5 |
| Обл. борборундагы мектеп | 83 | 5,4 |
| Шаардык мектеп | 535 | 34,5 |
| **Тиби** | | |
| Мамлекеттик | 1458 | 94,1 |
| Жеке | 91 | 5,9 |
| **Бүтүргөн классыңыздын тили?** | | |
| Кыргыз тилдүү | 925 | 59,7 |
| Орус тилдүү | 609 | 39,3 |
| Башка | 15 | 1 |
| **Жалпы** | **1549** | **100** |

## Изилдөөнүн жыйынтыктары (сандык анализи)

2023/2024-окуу жылында окуу жайга тапшырган студенттердин ЖРТдан алган баллы боюнча карасак, кыргыз тилдүү мектептерден эң көп 110-120 балл (25,9%), 120-130 балл (17,7%), 140-150 балл (14,4%) менен тапшыргандар. Ал эми орус тилдүү мектептерден 120-130 балл (17,7%),110-

120 балл (16,7%),130-140 балл менен тапшыргандар (14,4%) түзгөн. Башка тилдеги мектептерден 120-130 балл менен эң көп (20,0%), 200-210 балл менен (20,0%) жана 140-150 балл менен (13,3%) тапшырган. Бул окуу жылында университетке тапшырган студенттердин орточо пайызын алганда, эң көп 110-120 балл (22,1%), 120-130 (17,6%), 130-140 балл (14,1%) алгандар түзөт (Таблица 3).

Таблица 3

| ЖРТдан алган негизги баллыңызды белгилеңиз? | Бүтүргөн классыңыздын тили? | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Кыргыз тилдүү | Орус тилдүү | Башка | Орточо % |
| 110-120 | **25.9%** | **16.7%** | 6.7% | **22.1%** |
| 120-130 | **17.7%** | **17.2%** | **20.0%** | **17.6%** |
| 130-140 | 14.1% | **14.4%** | | **14.1%** |
| 140-150 | **14.4%** | 11.8% | 13.3% | 13.4% |
| 150-160 | 10.3% | 10.0% | 6.7% | 10.1% |
| 160-170 | 5.3% | 9.2% | 13.3% | 6.9% |
| 170-180 | 3.0% | 5.4% | 6.7% | 4.0% |
| 180-190 | 1.1% | 2.8% | | 1.7% |
| 190-200 | 1.1% | 1.0% | | 1.0% |
| 200-210 | 0.1% | 0.7% | **20.0%** | 0.5% |
| 210-220 | | 0.3% | | 0.1% |
| ЖРТ тапшырган эмесмин | 7.0% | 10.3% | 13.3% | 8.4% |
| **Жалпы** | 100% | 100% | 100% | 100% |

2023/2024-окуу жылында университетибизге тапшырган студенттерди ЖРТ баллы жана региону боюнча карасак, Бишкек шаары боюнча эң көп 110-120 (16,0%) жана 120-130 (15,2%) балл алгандар тапшырган. Ош шаары боюнча эн көп 140-150 (21,9%) жана 130-140 (18,8%); Баткен облусу боюнча 110-120 (29,9%) жана 140-150 (18,8%); Жалал-Абад облусу боюнча эн көп 110-120 (22,9%),120-130 (18,3%); Нарын облусунан 110-120 (22.1%) жана 120-130 (15.9%) алгандар; Ош облусу 120-130 (18,6%) жана 110-120 (16,3%); Талас облусу боюнча 110-120 (29,1%) жана 120-130 (22,8%); Ысык-Көл облусунан 120-130 (21,6%) жана 110-120 (19,6%); Чүй облусунан 110-120 (32,2%),120-130 (18,8%) балл алгандар көбүрөөк тапшырган. Жалпысынан университетке региондор боюнча студенттер ЖРТ балл жыйынтыгы боюнча орточо 110-120 (22,1%) балл алгандар көбүрөөк тапшырышкан (Таблица 4).

Таблица 4

| ЖРТдан алган негизги баллыңызды белгилеңиз? | Бишкек шаары | Ош шаары | Баткен | Жалалабат | Нарын | Ош | Талас | Чүй | Ысык-Көл | Орточо % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 110-120 | **16.0%** | 15.6% | **29.9 %** | **22.9%** | **22.1 %** | **16.3 %** | **29.1 %** | **32.2 %** | **19.6 %** | **22.1 %** |
| 120-130 | **15.2%** | 15.6% | 12.6 % | **18.3%** | **15.9 %** | **18.6 %** | **22.8 %** | **18.8 %** | **21.6 %** | **17.6 %** |
| 130-140 | 12.4% | **18.8%** | 16.1 % | 14.6% | 14.9 % | 14.0 % | 15.7 % | 16.3 % | 11.8 % | 14.1 % |
| 140-150 | 12.9% | **21.9%** | **18.4 %** | 14.2% | 13.0 % | 14.0 % | 12.6 % | 10.4 % | 13.7 % | 13.4 % |
| 150-160 | 10.9% | 9.4% | 6.9% | 8.3% | 12.0 % | 11.6 % | 7.9% | 4.5% | 18.1 % | 10.1 % |
| 160-170 | 7.8% | 6.3% | 3.4% | 8.3% | 7.2% | 7.0% | 3.9% | 7.4% | 6.9% | 6.9% |
| 170-180 | 6.7% | 3.1% | 4.6% | 3.8% | 2.4% | 4.7% | 2.4% | 2.0% | 3.9% | 4.0% |
| 180-190 | 3.4% | | 1.1% | 0.4% | 2.4% | 2.3% | 0.8% | 2.0% | | 1.7% |
| 190-200 | 1.6% | | 2.3% | 0.4% | 0.5% | 7.0% | 0.8% | | 0.5% | 1.0% |
| 200-210 | 0.8% | | | 0.4% | 0.5% | | | | | 0.5% |
| 210-220 | 0.5% | | | | | | | | | 0.1% |
| ЖРТ тапшырган эмесмин | 11.9% | 9.4% | 4.6% | 8.3% | 9.1% | 4.7% | 3.9% | 6.4% | 3.9% | 8.4% |
| **Жалпы %** | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % | 100 % |

## Жогорку билим берүү уюмунун маркетинги

Ар бир жогорку окуу жай эң алгач абитуриенттер үчүн түрдүү булактар аркылуу маалымдоо иштерин жүргүзөт. Абитуриенттер Кыргыз улуттук университети боюнча эң көп кайсыл булактардан маалымат алгандыгын респонденттердин жашаган аймактары боюнча карасак төмөндөгүчө: Бишкек (31,0%) жана Ош (34,4%) шаарлары, Баткен (32,2%), Нарын

(27,4%), Талас (30,7%) облустары эң көп – *"КУУда иштегендерден же окугандардан".* Ал эми Чүй (32.2%), Ысык-Көл (34,8%) облустары жана башка өлкөнүн жарандары (31,6%) – *"Университетте окуу мүмкүнчүлүктөрү, окуу программалары, коммуникация ж.б кызматтар боюнча интернет булактарындагы маалыматтардан (ММК (ТВ, радио, газетах), Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.)".* Жалал-Абад (30,4%) облусу жана башка өлкөнүн жарандары (31,6%) –*"Туугандарым, жакын-тааныштарымдан"* деген.

Ал эми респонденттердин бүтүргөн мектебинин категориялары боюнча карасак, бийик тоолуу мектеп (26,8%) – *"Туугандарым, жакын-тааныштарымдан"* десе, айылдык (28,9%) жана облус борборундагы мектепти аяктагандар (36,1%) - "*Университетте окуу мүмкүнчүлүктөрү, окуу программалары, коммуникация ж.б кызматтар боюнча интернет булактарындагы маалыматтардан (ММК (ТВ, радио, газетах),Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.)".* Шаар тибиндеги мектепти аяктагандар (31,4%ы) – "*КУУда иштегендерден же окугандардан"* деген.

Респонденттер окуу жай боюнча маалыматты биринчи кезекте орточо пайыз (28,5%) менен – КУУда иштегендерден же окугандардан алышса, экинчи (26.9%) - университетте окуу мүмкүнчүлүктөрү, окуу программалары, коммуникация ж.б кызматтар боюнча интернет булактарындагы маалыматтардан (ММК (ТВ, радио, газетах),Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.) алышат; үчүнчү (24.9%) - туугандары, жакын-тааныштары аркылуу алышат (Таблица 5).

Таблица 5

| **Ж. Баласагын атындагы КУУ жөнүндө маалыматты эң көп кайсы булактардан алдыңыз эле?** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | КУУде иштегендерден же окугандардан | ЖОЖ жөнүндөгү брошюрадан | "Ачык эшиктер күнү" иш-чарасына келгенде | Университетте окуу мүмкүнчүлүктөрү, окуу программалары, коммуникация ж.б кызматтар боюнча интернет булактарындагы маалыматтар | Орто мектептин мугалимдеринен, башка кызматкерлеринен | Туугандарым, жакын-тааныштарымдан | Министрликтин консультациялык борборлорунан |
| Бишкек шаары | **31.0%** | 8.0% | 7.8% | 24.0% | 2.6 % | **25.3 %** | 1.3 % |
| Ош шаары | **34.4%** | 15.6 % | 9.4% | **18.8%** | 3.1 % | 12.5% | 6.3 % |
| Баткен | **32.2%** | 8.0% | 4.6% | 23.0% | 5.7 % | **26.4 %** | |
| Жалалабат | 21.3% | 6.7% | 9.6% | 25.0% | 5.4 % | **30.4 %** | 1.7 % |
| Нарын | **27.4%** | 7.2% | 6.3% | 23.1% | 7.7 % | 26.9% | 1.4 % |
| Ош | 16.3% | 11.6 % | 4.7% | **27.9%** | 4.7 % | **30.2 %** | 4.7 % |
| Талас | **30.7%** | 8.7% | 3.9% | **28.3%** | 3.9 % | 24.4% | |
| Чүй | 28.2% | 8.9% | 5.4% | **32.2%** | 2.5 % | 22.3% | 0.5 % |
| Ысык-Көл | 32.8% | 5.9% | 5.9% | **34.8%** | 1.0 % | 18.1% | 1.5 % |
| Башка өлкөнүн жараны | 21.1% | | 10.5% | **31.6%** | 5.3 % | **31.6 %** | |
| **Бүтүргөн мектебиңиздин категориясы** | | | | | | | |
| Бийик тоолуу аймактагы мектеп | **30.7%** | 7.8% | 5.8% | 24.1% | 3.9 % | **26.8 %** | 0.8 % |
| Айылдык мектеп | **26.1%** | 8.8% | 6.1% | **28.9%** | 5.3 % | 23.6% | 1.2 % |
| Обл. борборундагы | 21.7% | 8.4% | 2.4% | **36.1%** | 2.4 % | 28.9% | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| мектеп | | | | | | | |
| Шаардык мектеп | **31.4%** | 6.4% | 8.8% | 24.3% | 2.2 % | 25.0% | 1.9 % |
| Жалпы % | **28.5%** | 7.7% | 6.8% | **26.9%** | 3.9 % | **24.9 %** | 1.3 % |

Университет тарабынан мектептерде кесипке багытто боюнча маалымдоо иштеринин жүргүзүлүшү маанилүү. Изилдөөбүздө ушул максатта респонденттерге “Сиздин мектепте КУУнин кесипке багытто боюнча үгүттөө иштери жүргүзүлдү беле?” деген суроо берилген, жооптор – 87.2% *“жок”,* ал эми үгүттөө же маалымдоо иштери 12,8% гана жүргүзүлгөндүгүн белгилешкен.

Ушул көрсөткүчтүн ичинен абитуриенттерди үгүттөө ишинин кайсынысы кызыгууларын пайда кылгандыгын факультет/институттар боюнча карасак төмөндөгүчө: Тарых жана чөлкөм таануу институтунда окугандар 40.5%, Социалдык-гуманитардык илимдер институтунда 42.5%, Журналистика жана коммуникация институту 44.1%ы, Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту 50.0%ы, И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту 36.6%ы, Экономика жогорку мектеби 45.8%ы, А.Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту 35.6%ы, Юридикалык институту 35.4%ы, Математика жана информатика факультети 38.6%ы, Физика жана электроника факультети 33.3%ы, Химия жана химиялык технологиялар факультети 46.7%ы, Биология факультети 57.5%ы, География, экология жана туризм факультети 40.0% ы, Кыргыз филологиясы факультети 41.7%ы, Орус жана славян филологиясы факультети 46.5%ы, Чет тилдер факультети 50.4%ы, Кыргыз Европа факультети 50.0%ы, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети 51.8%ы, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети 32.0%ы, Кесиптик колледж 47.1%ы, Юридикалык колледж 44.0%ы – *“уиверситетте окуу мүмкүнчүлүктөрү, окуу программалары, коммуникация ж.б кызматтар боюнча интернет булактарындагы маалыматтар”* деген. Ушул эле суроодо Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети 44,0% жана Кыргыз-кытай институтутунда окугандар 42.1%ы үгүттөө иштеринен *“студенттердин университет тууралуу айтып бергени”* кызыгуусун пайда кылгандыгын белгилешет.

Азыркы интернет технологиялары ылдам өнүгүп жаткан учурда абитуриенттер 43.5%ы окуу жай, андагы багыттар боюнча интернет платформалары аркылуу маалымат ала алышууда. Бул жыйынтыктар алдыда окуу жай интернет платформаларын колдонуу менен сапаттуу маркетингдөөгө өзгөчө басым жасоо аркылуу абитуриенттерге кесиптик багыттоо иштерин ийгиликтүү жүргүзө аларын тастыктайт (Таблица 6).

Таблица 6

| **Сиздин мектепте КУУнин кесипке багыттоо боюнча үгүттөө иштери жүргүзүлдү беле?** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жок | | | | | Ооба | |
| 87.2% | | | | | 12.8% | |
| **Жообуңуз “ооба” болсо ал үгүттөө ишинин кайсынысы сиздин кызыгууңузду жараткан?** | | | | | | |
| | Университет жөнүндөгү буклеттер, брошюралар | Окуу жайдын окутуучулары лекция окуп, андагы адистиктер жөнүндө баяндап бергени | Студенттердин университет тууралуу айтып бергени | Окуу жайдын өкүлдөрү биздин мектепте ар кандай иш-чараларды өткөрүү | Окуу жайдын өкүлдөрү “Ачык эшиктер күнүнө” чакырганы | Университетте окуу мүмкүнчүлүктөрү, окуу программалары, коммуникация ж.б кызматтар боюнча интернет булактарындагы |
| Тарых жана чөлкөм таануу институту | 12.2% | 18.9% | 14.9% | 4.1% | 9.5% | **40.5%** |
| Социалдык-гуманитардык илимдер институту | 12.5% | 12.5% | 22.5% | | 10.0 % | **42.5%** |
| Журналистика жана коммуникация институту | 8.8% | 11.8% | 26.5% | 5.9% | 2.9% | **44.1%** |
| Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту | 30.0% | | 10.0% | | 10.0 % | **50.0%** |
| Кыргыз-кытай институту | 5.3% | 10.5% | **42.1%** | 10.5 % | | 31.6% |
| И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларын максаттуу даярдоо институту | 11.0% | 12.2% | 31.7% | 1.2% | 7.3% | **36.6%** |
| Экономика жогорку мектеби | 6.9% | 6.9% | 27.8% | 2.8% | 9.7% | **45.8%** |
| А. Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту | 11.9% | 16.9% | 22.0% | 6.8% | 6.8% | **35.6%** |
| Юридикалык институту | 12.5% | 10.4% | 35.4% | 2.1% | 4.2% | **35.4%** |
| Математика жана информатика факультети | 13.6% | 9.1% | 34.1% | 2.3% | 2.3% | **38.6%** |
| Физика жана электроника факультети | 11.1% | 33.3% | 11.1% | | 11.1 % | **33.3%** |
| Химия жана химиялык технологиялар факультети | 3.3% | 16.7% | 23.3% | | 10.0 | **46.7%** |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | % | |
| Биология факультети | 7.5% | 7.5% | 15.0% | 5.0% | 7.5% | **57.5%** |
| География, экология жана туризм факультети | 12.0% | 12.0% | 22.0% | 6.0% | 8.0% | **40.0%** |
| Кыргыз филологиясы факультети | 5.0% | 20.0% | 30.0% | 1.7% | 1.7% | **41.7%** |
| Орус жана славян филологиясы факультети | 14.0% | 9.3% | 23.3% | 4.7% | 2.3% | **46.5%** |
| Чет тилдер факультети | 8.8% | 3.6% | 28.5% | 2.9% | 5.8% | **50.4%** |
| Кыргыз Европа факультети | 11.8% | 2.9% | 23.5% | 2.9% | 8.8% | **50.0%** |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети | 7.1% | 7.1% | 19.6% | 5.4% | 8.9% | **51.8%** |
| Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети | 8.0% | 12.0% | **44.0%** | | 4.0% | 32.0% |
| Кесиптик колледж | 17.6% | 5.9% | 20.6% | 2.9% | 5.9% | **47.1%** |
| Юридикалык колледж | 8.0% | 10.0% | 28.0% | 4.0% | 6.0% | **44.0%** |
| **Жалпы %** | 10.1% | 10.7% | **25.9%** | 3.3% | 6.5% | **43.5%** |

“Сиздин оюңуз боюнча, абитуриенттерге мектеп учурунда КУУнун кесипке багыттоо иштеринин кайсы формасы көбүрөөк натыйжалуу деп эсептейсиз?” - деген суроодо, бийик тоолуу аймактагы мектепте окугандар 31.9%, айылдык мектепте окугандардын 28.7%, шаардык мектепте окугандар 23.9% - “кесипке багыттоо экскурсияларынын уюштурулушу” деген. Ал эми облус борборундагы мектепте окугандардын көпчүлүгү 25.3%ы - “социалдык тармактардан (Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.) маалыматтардын берилиши” деген. Мектептердин тиби боюнча, мамлекеттик 26.9% жана жеке мектепте окугандар 29.7% “кесипке багыттоо экскурсияларынын уюштурулушу” деп эсептешет.

Респонденттердин бүтүргөн класстарынын тили боюнча карасак: орус тилдүү мектептерде окугандардын көпчүлүгү тагыраак айтканда 24.6%ы - “социалдык тармактардан (Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.) маалыматтардын берилиши” десе, кыргыз тилдүү мектептерде окугандардын 32.5%ы жана башка тилдеги мектеп бүтүрүүчүлөрү 26.7%ы - “кесипке багыттоо экскурсияларынын уюштурулушу” деп эсептешет.

Аймактар боюнча: Бишкек шаары 23.0%ы, жана Ош шаары 21.9%ы “социалдык тармактардан (Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.) маалыматтардын берилиши”, Баткен 29.9%ы, Нарын 31.3%ы, Ош 31.3%ы, Талас 31.3%ы, Чүй 25.2%ы, Ысык-Көл 31.0%ы “кесипке багыттоо экскурсияларынын уюштурулушу” деген. Жалалабат облусу боюнча 27.1% “мектепте кесиптер боюнча презентациялык көргөзмөлөр” деген. Ал эми башка өлкөнүн жарандарынын жообу “социалдык тармактардан (Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok,

Telegram, WhatsApp ж.б.) маалыматтардын берилиши” 26.3%ын түзгөн (Таблица 7).

Таблица 7

| **Сиздин оюңуз боюнча, абитуриенттерге мектеп учурунда КУУнун кесипке багыттоо иштеринин кайсы формасы көбүрөөк натыйжалуу деп эсептейсиз?** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Мектепте кесиптер боюнча презентациялык көргөзмөлөр | Кышкы мектептерди уюштуруу | Кесипке багыттоо экскурсияларынын уюштурулушу | Ачык эшиктер күнү университетке келип көрүү (визит) | ММКда кесиптер боюнча (ТВ, радио, гезиттер) маалыматтардын, жарнамалардын роликтердин болушу | Социалдык тармактардан (Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.) маалыматтардын берилиши | Адистердин баяндамалары, ишканалардын кызматкерлери менен жолугушуу |
| **Бүтүргөн мектебиңиздин категориясы:** | | | | | | | |
| Бийик тоолуу аймактагы мектеп | 21.0% | 5.8% | **31.9%** | 10.5% | 3.9% | 17.9% | 8.9% |
| Айылдык мектеп | 23.2% | 4.0% | **28.7%** | 12.6% | 3.4% | 20.1% | 8.0% |
| Обл. борборундагы мектеп | 14.5% | 3.6% | 19.3% | 20.5% | 6.0% | **25.3%** | 10.8% |
| Шаардык мектеп | 15.5% | 2.4% | **23.9%** | 15.0% | 7.1% | **23.2%** | 12.9% |
| **Тиби** | | | | | | | |
| Мамлекеттик | 19.7% | 3.8% | **26.9%** | 13.1% | 5.1% | 21.1% | 10.3% |
| Жеке | 19.8% | 2.2% | **29.7%** | 19.8% | 2.2% | 20.9% | 5.5% |
| **Бүтүргөн классыңыздын тили?** | | | | | | | |
| Кыргыз тилдүү | **22.6%** | 4.4% | 32.5% | 12.2% | 2.1% | 18.7% | 7.5% |
| Орус тилдүү | 15.1% | 2.1% | 19.0% | 15.6% | 9.4% | **24.6%** | 14.1% |
| Башка | **26.7%** | 26.7% | 20.0% | 6.7% | | 20.0% | |

| **Аймагы** | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек шаары | 15.2% | 2.1% | **22.5%** | 16.8% | 7.5% | 23.0% | 12.9% |
| Ош шаары | 18.8% | 3.1% | **31.3%** | 9.4% | 6.3% | 21.9% | 9.4% |
| Баткен | 26.4% | 2.3% | **29.9%** | 11.5% | 1.1% | 20.7% | 8.0% |
| Жалалабат | 27.1% | 6.7% | **25.4%** | 10.4% | 3.3% | 18.3% | 8.8% |
| Нарын | 17.3% | 4.8% | **31.3%** | 12.5% | 5.8% | 19.7% | 8.7% |
| Ош | 16.3% | 2.3% | **34.9%** | 11.6% | 4.7% | 18.6% | 11.6% |
| Талас | 22.0% | 7.1% | **28.3%** | 15.0% | 1.6% | 18.1% | 7.9% |
| Чүй | 20.3% | 2.0% | **25.2%** | 16.8% | 5.0% | 21.8% | 8.9% |
| Ысык-Көл | 18.2% | 3.0% | **31.0%** | 8.9% | 4.4% | 23.2% | 11.3% |
| Башка өлкөнүн жараны | 15.8% | 5.3% | **26.3%** | 21.1% | 5.3% | **26.3%** | |
| **Жалпы** | **19.7%** | 3.7% | **27.1%** | 13.5% | 4.9% | **21.1%** | 10.0% |

Демек жогорудагы жыйынтыктардын негизинде 3 негизги КУУнун кесипке багыттоо иштеринин уюуштурулушу натыйжалуу, алар:

1-кесипке багыттоо экскурсияларынын уюштурулушу

2-социалдык тармактардан (Twitter, Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, Telegram, WhatsApp ж.б.) маалыматтардын берилиши

3-мектепте кесиптер боюнча презентациялык көргөзмөлөрдүн уюштурулушу.

Мындагы жыйынтыктар университетибиз маалымдоо-маркетинг иштерин интернет платформалары аркылуу сапаттуу контент жаратууга басым жасоосу зарыл экендигин тастыктайт.

## Информациялык ресурс

2023/2024-окуу жылына абитуриенттерди кабыл алуу боюнча, "Окууга тапшырып жаткандагы КУУнун кабыл алуу комиссиясынын ишин кандай баалайсыз?" - деген суроодо 47.0% *"жакшы иштеген, комиссия мүчөлөрү жакшы мамиле жасап, керектүү маалыматты айтып турган"* деп жооп беришкен, алардын пайыздык үлүшү факультет/институттар боюнча төмөндөгүдөй: Тарых жана чөлкөм таануу институту 37.0%, Социалдык-гуманитардык илимдер институту 56.2%, Журналистика жана коммуникация институту 60.0%, Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту 45.0%, Кыргыз-кытай институту 57.6%, И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларын максаттуу даярдоо институту 43.4%, Экономика жогорку мектеби 48.6%, Башкаруу жана менеджмент институту 45.3%, Юридика институту 39.7%, Математика жана информатика факультети 49.4%, Физика жана электроника факультети 53.8%, Химия жана химиялык технологиялар факультети 46.6%, Биология факультети 45.5%, География, экология жана туризм факультети 50.7%, Кыргыз филологиясы факультети 48.2%, Орус жана славян филологиясы факультети 54.4%, Чет тилдер факультети 42.9%, Кыргыз - Европа факультети 49.0%, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети 52.7%, Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети 47.1%, Кесиптик колледж 52.8%. Ошондой эле Юридикалык колледж 41.7%ы *"мыкты иштеген жана комиссиянын мүчөлөрү сылык болуп, керектүү маалыматты берип турган"* деген (Таблица 8).

Таблица 8

| Окууга тапшырып жаткандагы КУУнун кабыл алуу комиссиясынын ишин кандай баалайсыз? | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Иши канааттандырарлык эмес, комиссия мүчөлөрү орой жооп берип, тез эле ачууланып жатышты | Канааттандырарлык иш, өтө сылыктыгын байкаган жокпуз, маалыматты өтө тез айтып жатышты | Жакшы иштеген, комиссия мүчөлөрү жакшы мамиле жасап, керектүү маалыматты айтып турган | Мыкты иштеген жана комиссиянын мүчөлөрү сылык болуп, керектүү маалыматты берип турган |
| Тарых жана чөлкөм таануу институту | 4.9% | 25.9% | **37.0%** | 32.1% |
| Социалдык-гуманитардык илимдер институту | 5.5% | 17.8% | **56.2%** | 20.5% |
| Журналистика жана коммуникация институту | 6.0% | 14.0% | **60.0%** | 20.0% |
| Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту | 15.0% | 20.0% | **45.0%** | 20.0% |
| Кыргыз-кытай институту | 3.0% | 15.2% | **57.6%** | 24.2% |
| И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларын максаттуу даярдоо институту | 15.2% | 21.2% | **43.4%** | 20.2% |
| Экономика жогорку мектеби | 16.2% | 18.0% | **48.6%** | 17.1% |
| А.Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту | 8.1% | 23.3% | **45.3%** | 23.3% |
| Юридикалык институту | 21.0% | 17.7% | **38.7%** | 22.6% |
| Математика жана информатика факультети | 9.9% | 23.5% | **49.4%** | 17.3% |
| Физика жана электроника факультети | 7.7% | 7.7% | **53.8%** | 30.8% |
| Химия жана химиялык технологиялар факультети | 6.9% | 25.9% | **46.6%** | 20.7% |
| Биология факультети | 1.8% | 30.9% | **45.5%** | 21.8% |
| География, экология жана туризм факультети | 4.3% | 18.8% | **50.7%** | 26.1% |
| Кыргыз филологиясы факультети | 3.5% | 17.6% | **48.2%** | 30.6% |
| Орус жана славян филологиясы факультети | | 10.5% | **54.4%** | 35.1% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Чет тилдер факультети | 15.1% | 26.9% | **42.9%** | 15.1% |
| Кыргыз Европа факультети | 8.2% | 26.5% | **49.0%** | 16.3% |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети | 9.8% | 23.2% | **52.7%** | 14.3% |
| Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети | 8.8% | 11.8% | **47.1%** | 32.4% |
| Кесиптик колледж | 11.1% | 8.3% | **52.8%** | 27.8% |
| Юридикалык колледж | 4.2% | 20.8% | 33.3% | **41.7%** |
| **Жалпы %** | 9.4% | 21.1% | **47.0%** | 22.5% |

## Кесип тандоо процесси

Кыргызстанда абитуриенттердин көпчүлүгү окууга тапшырууда тандаган кесибин ар дайым эле мурунтан аныктабагандыгы акыркы мезгилде коомчулука белгилүү болуп келе жаткан жагдай. Бирок изилдөөнүн жүрүшүндө ушул жылы тапшырган студенттердин басымдуу бөлүгү Кыргыз улуттук университетин приоритеттүү тандоосу болгондугун көрсөткөн. Мисалы карай турган болсок: “КУУ Сиздин приоритеттүү тандооңуз болду беле?” - деген суроого факультет жана институттар боюнча приоритеттүү тандоосу болгондугун көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Тарых жана чөлкөм таануу институту (65.4%), Социалдык-гуманитардык илимдер институту (65.8%), Журналистика жана коммуникация институту (60.0%), Кыргыз-кытай институту (57.6%), И. Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларын максаттуу даярдоо институту (62.6%), Экономика жогорку мектеби (62.2%), Юридика институту (65.1%), Математика жана информатика факультети (51.9%), Физика жана электроника факультети (76.9%), Химия жана химиялык технологиялар факультети (60.3%), Биология факультети (50.9%), География, экология жана туризм факультети (58.0%), Кыргыз филологиясы факультети (64.7%), Чет тилдер факультети (56.6%), Кыргыз Европа факультети (53.1%), Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети (52.7%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети (79.4%), Кесиптик колледж (80.6%).

Ал эми приоритеттүү тандоосу болбогон пайыздык көрсөткүчтү көрсөткөндөр: Башкаруу жана менеджмент институту (50.0%), Орус жана славян филологиясы факультети (50.9%), Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту (50.0%) (Таблица 9).

Таблица 9

| **КУУ Сиздин приоритеттүү тандооңуз болду беле?** | **Жок** | **Ооба** |
|---|---|---|
| Тарых жана чөлкөм таануу институту | 34.6% | **65.4%** |
| Социалдык-гуманитардык илимдер институту | 34.2% | **65.8%** |
| Журналистика жана коммуникация институту | 40.0% | **60.0%** |
| Компьютердик технологиялар жана жасалма интеллект институту | 50.0% | 50.0% |
| Кыргыз-кытай институту | 42.4% | **57.6%** |
| И.Исамидинов атындагы педагогикалык кадрларын максаттуу даярдоо институту | 37.4% | **62.6%** |
| Экономика жогорку мектеби | 37.8% | **62.2%** |
| А.Асанова атындагы башкаруу жана менеджмент институту | 50.0% | 50.0% |
| Юридикалык институту | 34.9% | **65.1%** |
| Математика жана информатика факультети | 48.1% | **51.9%** |
| Физика жана электроника факультети | 23.1% | **76.9%** |
| Химия жана химиялык технологиялар факультети | 39.7% | **60.3%** |
| Биология факультети | 49.1% | **50.9%** |
| География, экология жана туризм факультети | 42.0% | **58.0%** |

| | | |
|---|---|---|
| Кыргыз филологиясы факультети | 35.3% | **64.7%** |
| Орус жана славян филологиясы факультети | **50.9%** | 49.1% |
| Чет тилдер факультети | 43.4% | **56.6%** |
| Кыргыз Европа факультети | 46.9% | **53.1%** |
| Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультети | 47.3% | **52.7%** |
| Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу факультети | 20.6% | **79.4%** |
| Кесиптик колледж | 47.2% | **52.8%** |
| Юридикалык колледж | 19.4% | **80.6%** |
| **Жалпы %** | 40.5% | **59.5%** |

“КУУ Сиздин приоритеттүү тандооңуз болду беле?” - деген суроого багыттар боюнча приоритеттүү тандоосу болгондугун көрсөткөндөр төмөндөгүлөр: Укук таануу (73.5%), Социалдык иш (69.2%), Чет тили (англис тили) (64.2%), Мектепке чейинки билим берүү (70.0%), Башталгыч класстарда сабак берүү (53.3%), Банк иши (68.8%), Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча) (65.9%), Менеджмент (тармактар боюнча) (54.7%), Туризм (54.7%), Автоматташтырылган системалардын маалыматтык коопсуздугу (66.7%), Математика (56.5%), Физика (70.0%), Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана башкаруу (75.0%), Химия (52.9%), География (80.0%), Экология жана айлана-чөйрөнү башкаруу (57.1%), Биоэкология (72.2%), Клиникалык психология (адистик) (83,3%), Котормо жана котормо таануу (адистиги – кытай тили) (58.8%), Котормо жана котормо таануу (кыргыз тили боюнча адистик) (100%), Психология (54.8%), Тарых (69.6%), Юриспруденция (75.0%), Чыгыш таануу - Африкалык изилдөөлөр (100%), Филология (53.7%), Лингвистика (58,8%), Лингвистика (англис тилинде бакалавр профилдери (44.8%), Лингвистика (немис тилинде бакалавр профилдери) (54,5%), Лингвистика (француз тилинде бакалавр профилдери) (66,7%), Лингвистика (корей тилинде бакалавр профилдери (66,7%), Америка таануу (83.3%), Европа таануу (55,6%), Дене тарбия жана спорт (92,9%), Кытай таануу (70,0%), Кыргыз тилинде эмес окуткан мекемелерде мамлекеттик тил (77.8%), Физика-математика билими (62,5%), Филология билими (69,0%), Филология билими (кыргыз тили жана адабияты, чет тили) (80,0%), Филологиялык билим (кытай тили) (66,7%), Педагогика (61,5%), Телевидение (85.7%), Музеология жана маданий жана табигый мурас объекттерин коргоо (80.0%), Профиль боюнча экономика: финансы кредит (55.6%), Профиль боюнча экономика: банк иши (100%), Профиль боюнча экономика: салыктар жана салык салуу (100%), Логистика (100%), Бизнести башкаруу (60.0%), Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу (77.8%),

Маркетинг (60.0%), Туризм (66.7%), Электроника жана наноэлектроника (100%), Инфокоммуникациялык технологиялар жана байланыш системалары (100%), Колдонмо информатика (100%), Программалык инженериясы (66.7%), Интернет технологиялары жана башкаруу (75.0%), Химиялык технология (70.8%), Биотехнология (50.0%), Архив таануу (66.7%).

Ал эми приоритеттүү тандоосу болбогондордун пайыздык көрсөткүчү жогорулар төмөндөгү багыттагылар: Котормо иши (англис тили) (52.4%), Финансы (тармактар) (51.1%), Техникалык жөнгө салуу жана сапатты башкаруу (100%), Колдонмо информатика (58.3%), Колдонмо математика жана информатика (51.4%), Негизги информатика жана маалыматтык технологиялар (100%), Биология (65.2%), Соттук экспертиза (адис) 75.0%, Эл аралык мамилелер (51.6%), Лингвистика (кытай тили) (66.7%), Социалдык иш (100%), Маалыматтык коопсуздук (66.7%), Менеджмент (66.7%), Маалыматтык коопсуздук (66.7%) Сапатты башкаруу (66.7%), Информатика жана эсептөө техникасы (100%), Маалыматтык системалар жана технологиялар (80.0%), Экономика жана менеджмент (66.7%), Медициналык жана фармацевтикалык химия (53.8%) (Таблица 10).

Таблица 10

| **КУУ Сиздин приоритеттүү тандооңуз болду беле?** | **Жок** | **Ооба** |
|---|---|---|
| Укук таануу | 26.5% | **73.5%** |
| Социалдык иш | 30.8% | **69.2%** |
| Чет тили (англис тили) | 35.8% | **64.2%** |
| Мектепке чейинки билим берүү | 30.0% | **70.0%** |
| Башталгыч класстарда сабак берүү | 46.7% | **53.3%** |
| Котормо иши (англис тили) | **52.4%** | 47.6% |
| Финансы (тармактар боюнча | **51.2%** | 48.8% |
| Банк иши | 31.3% | **68.8%** |
| Экономика жана бухгалтердик эсеп (тармактар боюнча) | 34.1% | **65.9%** |
| Менеджмент (тармактар боюнча) | 45.3% | **54.7%** |
| Туризм | 46.0% | **54.0%** |
| Автоматташтырылган системалардын маалыматтык коопсуздугу | 33.3% | **66.7%** |
| Техникалык жөнгө салуу жана сапатты башкаруу | **100%** | |
| Колдонмо информатика | **58.3%** | 41.7% |
| Математика | 43.5% | **56.5%** |
| Колдонмо математика жана информатика | **51.4%** | 48.6% |
| Маалымат технологиялары | 50.0% | 50.0% |
| Физика | 30.0% | **70.0%** |
| Негизги информатика жана маалыматтык технологиялар | **100%** | |

| | | |
|---|---|---|
| Информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана башкаруу | 25.0% | **75.0%** |
| Химия | 47.1% | **52.9%** |
| Биология | **65.2%** | 34.8% |
| География | 20.0% | **80.0%** |
| Экология жана айлана-чөйрөнү башкаруу | 42.9% | **57.1%** |
| Биоэкология | 27.8% | **72.2%** |
| Клиникалык психология (адистик) | 16.7% | **83.3%** |
| Соттук экспертиза (адистик) | **75.0%** | 25.0% |
| Котормо жана котормо таануу (адистиги – кытай тили) | 41.2% | **58.8%** |
| Котормо жана котормо таануу (англис, немис, француз тилдери боюнча адистиктер) | 50.0% | 50.0% |
| Котормо жана котормо таануу (кыргыз тили боюнча адистик) | | **100%** |
| Философия | 50.0% | 50.0% |
| Психология | 45.2% | **54.8%** |
| Тарых | 30.4% | **69.6%** |
| Юриспруденция | 25.0% | **75.0%** |
| Журналистика | 50.0% | 50.0% |
| Жарнама жана коомчулук менен байланыш | 50.0% | 50.0% |
| Эл аралык мамилелер | **51.6%** | 48.4% |
| Чыгыш таануу. Африкалык изилдөөлөр | | **100%** |
| Филология | 46.3% | **53.7%** |
| Лингвистика | 41.2% | **58.8%** |
| Лингвистика ((кытай тили) | **66.7%** | 33.3% |
| Лингвистика (англис тилинде бакалавр профилдери) | **55.2%** | 44.8% |
| Лингвистика (немис тилинде бакалавр) | 45.5% | **54.5%** |
| Лингвистика (француз тилинде бакалавр) | 33.3% | **66.7%** |
| Лингвистика (корей тилинде бакалавр) | 33.3% | **66.7%** |
| Америка таануу | 16.7% | **83.3%** |
| Европа таануу | 44.4% | **55.6%** |
| Дене тарбия жана спорт | 7.1% | **92.9%** |
| Кытай таануу | 30.0% | **70.0%** |
| Социалдык иш | **100%** | |
| Кыргыз тилинде окуткан мекемелерде мамлекеттик тил | 22.2% | **77.8%** |
| Физика-математика билими | 37.5% | **62.5%** |
| Филология билими | 31.0% | **69.0%** |
| Филология билими (кыргыз тили жана адабияты. чет тили) | 20.0% | **80.0%** |
| Филологиялык билим (кытай тили) | 33.3% | **66.7%** |
| Педагогика (профиль- педагогика и психология) | 38.5% | **61.5%** |
| Адабий чыгармачылык | 50.0% | 50.0% |
| Телевидение | 14.3% | **85.7%** |
| Музеология, маданий жана табигый мурас объекттерин коргоо | 20.0% | **80.0%** |
| Экономика: профиль боюнча финансы кредит | 44.4% | **55.6%** |

| | | |
|---|---|---|
| Экономика: профиль боюнча банк иши | | **100%** |
| Экономика: профиль боюнча салыктар жана салык салуу | | **100%** |
| Менеджмент | **66.7%** | 33.3% |
| Логистика | | **100%** |
| Бизнести башкаруу | 40.0% | **60.0%** |
| Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу | 22.2% | **77.8%** |
| Маркетинг | 40.0% | **60.0%** |
| Маалыматтык коопсуздук | **66.7%** | 33.3% |
| Туризм | 33.3% | **66.7%** |
| Электроника жана | | **100%** |
| Инфокоммуникациялык технологиялар жана байланыш системалары | | **100%** |
| Сапатты башкаруу | **66.7%** | 33.3% |
| Информатика жана эсептөө техникасы | **100%** | |
| Маалыматтык системалар жана технологиялар | **80.0%** | 20.0% |
| Колдонмо информатика | | **100%** |
| Программалык инженериясы | 33.3% | **66.7%** |
| Интернет технологиялары жана башкаруу | 25.0% | **75.0%** |
| Химиялык | 29.2% | **70.8%** |
| Биотехнология | 50.0% | 50.0% |
| Экономика жана башкаруу | **66.7%** | 33.3% |
| Архив таануу | 33.3% | **66.7%** |
| Биология, лабораториялык иш | 50.0% | 50.0% |
| Медициналык жана фармацевтикалык химия | **53.8%** | 46.2% |
| **Жалпы %** | 40.6% | **59.4%** |

Абитуриенттерди КУУну тандоого эмне көбүрөк таасир эткендигин карай турган болсок, фактордук анализдин[4] негизинде (KMO and Bartlett's Test .796 жана Sig .000 болуп) 4 компонент келип чыккан, жыйынтыктары төмөндөгүчө:

1-компонент – университеттин репутациясы

2-компонент – жетишилген балл

3-компонент – окуу жайдын өкүлдөрүнүн таасири

4-компонент – референттик топтордун (recommendations) таасири (Таблица 11).

[4] мааниси жакын болгон өзгөрмөлөрдү топторго бириктирет

Таблица 11

Factor Analysis KMO and Bartlett’s Test.796 Sig. .000

| Pattern Matrix[a] | Component | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Университеттин репутациясы | Абитуриенттин жетишкен баллы | Окуу жайдын өкүлдөрү | Референттик топ (recommendations) |
| | 1 | 2 | 3 | 4 |
| Өлкө аймагында университеттин репутациясы | .735 | | | |
| Окуу жайдын кадыр-баркы, статусу | .733 | | | |
| Эл аралык кызматташтыгы жогору окуу жай (network, exchange программалары үчүн мүмкүнчүлүктөр) | .709 | | | |
| Мамлекеттик деңгээлде окутуунун жогорку сапаты | .706 | | | |
| ЖРТ баллымдын жыйынтыгы | | .807 | | |
| Аттестат бааларым | | .734 | | |
| КУУнун бүтүрүүчүсү | | | -.792 | |
| КУУда окуп жаткан студенттер | | | -.781 | |
| КУУнун окутуучусу | | | -.643 | |
| Туугандарым, жакын-тааныштарым | | | | -.740 |
| Үй-бүлөм (ата-эне, бир туугандар) | | | | -.645 |

Абитуриенттерди университеттин тандоодо анализди дагы да тереңдетилген түрдө карасак, изилдөөнүн жыйынтыгында “Сиздин КУУга тапшыруу жөнүндөгү чечимиңизге төмөндөгү факторлордун таасири?” суроосуна төмөндөгү беш фактор келип чыккан (Диаграмма 1-5):

Диаграмма 1




Диаграмма 2




Диаграмма 3




Диаграмма 4




Диаграмма 5



Жогорудагы гистограммада нормалдуу бөлүштүрүүнүн графигинде көрүнүп тургандай skewness/оссиметрия[5] “жок-ооба” интервалында “ооба” жообуна карай ийилген. Демек, абитуриенттердин Кыргыз улуттук университетине тапшыруу чечимине:

1) ЖРТ балл (mean=1,52);
2) Окуу жайдын кадыр-баркы, статусу (mean=1,61);
3) Өлкө аймагында университеттин репутациясы (mean=1,56);
4) Мамлекеттик деңгээлде окутуунун жогорку сапаты (mean=1,56);
5) Эл аралык кызматташтыгы жогору окуу жай (network, exchange программалары үчүн мүмкүнчүлүктөр) (mean=1,55); (mean[6]) таасир этет.

## Кесип тандоого таасир эткен негизги факторлор

Студенттердин окуп жаткан кесибин тандоо процессинде тышкы факторлордун таасири маанилүү. Изилдөөнүн жыйынтыктарына таянсак, үй-бүлө (22.7%) жана предметтик сабактарга болгон кызыгуулар (22.1%) эң алдыңкы көрсөткүчтөр. Жаш курак категориялары боюнча кесип тандоого түрткү болгон факторлорду карасак, 15-16 жана 17-18 жаштагыларда үй-бүлөнүн багыт берүүсү, 19-20, 21-22 жана 23 жаштан жогорудагыларда предметтик сабактарга болгон кызыгуулар көбүрөөк түрткү болгон. Мындагы жыйынтыктарга таянып абитуриенттердин курактары канчалык жаш болсо үй-бүлөнүн багыт берүүсүнө таянып кесип тандашаарын, ал эми жашы жогорулаган сайын өз алдынча чечим кабыл алаарын белгилей алабыз (Таблица 12).

[5] skewness/оссиметрия[5] – нормалдуу графикте кайсыл тарапка кеткенин көрсөтөт

[6] mean- “жок-ооба” итервалында факторлордун орточо мааниси

Таблица 12

| **Ушул кесипти тандооңузга эмне түрткү болду?(төмөндөгү варианттардын эң жакын болгонун тандаңыз)** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жашы:** | ЖРТдан алган баллыма карап тандадым | Мугалим-дердин багыт берүүсү | Үй-бүлөмдүн багыт берүүсү | Тууганда-рымдын, жакын-таанышта-рымдын багыттоосу | Предметтик сабактардагы кызыгууларым | Кумир туткан, келечекте ошондой болгум келген адамдардын таасири | Кабыл алуу комиссия-ларынын багыттоосу | Башка |
| 15-16 | 1.3% | 1.3% | **28.9%** | 1.3% | 26.3% | 21.1% | | 19.7% |
| 17-18 | 11.9% | 2.4% | **23.4%** | 6.2% | 21.1% | 13.6% | 2.1% | 19.3% |
| 19-20 | 16.1% | 3.6% | 13.9% | 6.6% | **24.8%** | 13.9% | 2.2% | 19.0% |
| 21-22 | 10.0% | | 20.0% | | **50.0%** | | | 20.0% |
| 23+ | 5.6% | 5.6% | 16.7% | | **38.9%** | 5.6% | | 27.8% |
| **Жалпы %** | 11.6% | 2.5% | 22.7% | 5.9% | 22.1% | 13.8% | 1.9% | 19.4% |

"Ушул кесипти тандооңузга эмне түрткү болду?" деген суроодо абитуриенттердин жалпы республикалык тестирлөөдөн алган баллдары боюнча анализдесек төмөндөгүчө: 110-120 балл алгандар *"ЖРТдан алган баллыма карап тандадым"* 23.0%, 120-130 балл алгандар көпчүлүгү 23,2%ы *"предметтик сабактардагы кызыгууларым",* 130-140 балл алгандар *"үй-бүлөмдүн багыт берүүсү"* 27.1%, 140-150 алгандар 25,6% *"башка"* деп жооп беришкен. ЖРТдан 150-160 балл алгандар - 28,0%, 160-170, балл алгандар - 35,5%, 170-180 балл алгандар - 33,9%, 180-190 - 37,0%ы, 190-200 - 43,8%ы, 200-210 - 50,0%ы *"предметтик сабактардагы кызыгууларым"* деген. Ал эми 210-220 балл алгандардын 50,0%ы жана ЖРТ тестин тапшырбагандыгын 30,0%ы - *"үй-бүлөмдүн багыт берүүсү"* түрткү болду деген. ЖРТдан азыраак балл алгандар алган упайларына карап кесип тандашат. 150-210 балл аралыгындагылар предметтик сабактарга болгон кызыгууларына карап тандашат, ал эми эң жогорку 210-220 балл алгандар үй-бүлөсүнүн багыт берүүсүнө таянып кесибин тандашат. Жалпысынан студенттердин окуп жаткан кесибин

тандоого түрткү болгон жагдайды орточо көрсөткүч боюнча карасак, 22.7% - үй-бүлөнүн багыт берүүсү, 22.1% - предметтик сабактарга болгон кызыгуу болгон (Таблица 13).

Таблица 13

